**ОшМунун теология факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин жыйынынын**

**№ 2 Токтому**

Баары – 18

Катышкандар – 13

Себептүү –5

Ош шаары, 25.11.2019-ж.

**Күн тартиби:**

1. Абитуриенттерди кабыл алуунун жана аларды Түркияга жөнөтүүнүн жыйынтыгы
2. Студенттердин сабактарга катышуусун талкуулоо жана жыйынтык чыгаруу
3. Факультеттин окуу-усулдук иштеринин жүрүшү жөнүндө
4. КРнын дин чөйросундогу мамлекеттик саясаты (концепция жана аны ишке ашыруунун жолдору)
5. Ар түрдүү маселелер

**I маселе**

**Угулду:** Кеңештин төрагасы З. Ажимаматов ректораттагы чогулушта каралган маселелер боюнча кабар берип, күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча төмөндөгүлөргө токтолду:

Теология факультетине 2019-2020-окуу жылында бакалаврга жалпы 72 абитуриент талон тапшырган. Алардын ичинен 30 кыз 14 эркек (жалпы 44) бала окуу үчүн документтери кабыл алынды. Турцияга 42 абитуриент кетип, 2 абитуриент белгилүү бир себептерден улам окуудан четтетилген. Жыйынтыгында 28 кыз (1 Россиянын жараны) жана 14 эркек бала (2 Өзбекистан, 1 Таджикистандын жараны) Турцияга окууга кетти.

Быйыл Өзбекистандан башка факультеттерге өтө көп абитуриент тапшырды, биз пилотук түрүндө 2 жыл байкап туралы, себеби сапатка карашыбыз керек. Өткөн окуу жылында профориентация иштерин начар болуп өткөндүгү көрүнүп турат, жаңы окуу жылга карата региондордо кабыл алууга профориентация иштерин улантуу керек деп ойлойм. Эң жакшы реклама бул биздин студенттер, студенттерге жакшы билим беришибиз керек, студенттер биздин живой реклама болуп беришет. Сунуш пикирлер болсо айтыңыздар.

Сөзгө чыкты Зууридинов О.: Аймактарга чыгып мектептерде конференция, семинар уюштуруп, ошол эле убакытта факультетти таанытып келсек болот.

Scanned with CamScanner

Сөзгө чыкты Ажимаматов З.: Өтө жакшы болот, бирок жетишпей калабыз деп ойлойм, себеби бир райондо канча мектептер бар.

Сөзгө чыкты Кадыров М.: Былтыркы окуу жылында соц.тармактардан, телевизорлордон жарыя бергенбиз, бирок реклама аркылуу келдим деген абитуриент жок десек болот.

Сөзгө чыкты Ажимаматов З.: Профориентация иштери боюнча бир адамды жооптуу кылсак, мен Зууридинов Өскөнбайды сунуштайм.

Факультеттин ОК кеңеши сунушту колдошту.

**II маселе**

**Угулду:** 2-маселе б-ча окуу бөлүм башчысы Кошубаева Сабина сөз сүйлөдү:

Алдыңыздардагы факультеттин 2019-2020- окуу жылынын сентябрь-ноябрь айларындагы студенттердин, ар бир тайпанын катышуусунун проценттик көрсөткүчү турат. Тийиштүү кураторлор тиешелүү студенттер менен байланыш түзүп, иш алып баруулары керек. Катышуунун проценттик көрсөткүчү тиркелет.

**III маселе**

**Угулду:** 3-маселе б-ча факультеттен окуу-усулдук Кеңешинин башчысы А.Калбердиев сөз сүйлөдү:

2019-2020-окуу жылына факультеттин окуу-усулдук иштеринин бир жылдык иш планы түзүлгөн. О.э. ОшМУнун илимий-усулдук борборунун талаптарына ылайык факультеттеги ачык сабактардын, өз ара сабактарга катышуунун, илимий-усулдук семинарлардын графиктери түзүлүп, бекитилген. Ошондой эле ар бир предмет боюнча силлабустарды, жумушчу программаларды, окуу-методикалык комплекстерди даярдоо боюнча кафедранын Кеңешмесинде да талкуу болуп, дээрлик бардык предметтер боюнча жумушчу программалар, силлабустар даярдалды. Негизги күч аккредитацияга берилип жатат. Эртен 26-ноябрда комиссия келет аккредитация боюнча, жумушчу топтун мүчөлөрү катышыш керек. Даярданып турсаңыздар.

Сөзгө чыкты Ажимаматов З.: Бизде ар бир аудиторияда интерактивный доскаларыбыз бар, интернетибиз бар. Сабактын жүрүшүн өзгөртүшүбүз керек, мисалы ар бир темага ылайыктуу интернеттен керектүү, кызыктуу материалдар менен коштоп өтсөк. Ошондой эле, ар бир агайыбыздын Түркияда агаларыбыз бар, мурда бирге окуган тааныш достор бар, ар бир тармак боюнча адис болуп калган. Бир темага келгенде ошол агай менен байланышып, 20 мүнөт студенттерге баарлашуу түзүп берсек деген сунуш бар.

Scanned with CamScanner

**IV маселе**

**Угулду:** КРнын дин чойросундогу мамлекеттик саясаты (концепция жана аны ишке ашырууну жолдору) боюнча Кадыров Медербек сөз сүйлөдү: Бул маселе боюнча мурда да талкуу болгон. Айрыкча аккредитациянын жыйынтыгында бул боюнча белгиленген. Ушул себептүү ар бир окутуучу өзүнүн предметинин мазмунун дин концепциясынын негизинде дагы бир жолу карап чыксаңыздар жакшы болот.

Ошондой эле жумушчу топтун тиешелүү мүчөлөрү тарабынан магистратура программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн багыты жана иштөө мейкиндиги боюнча алып барган иштери менен тааныштыра кетейин. Жаңы ОНдердин негизинде магистратура прррограммасынын бүтүрүүчүлөрү төмөнкү багыттарда иштей алышат:

- Орто жана жогорку окуу жайларда теология жана дин таануу багытындагы предметтерден сабак бере алышат.
- Мамлекеттик коопсуздук мекемелеринде экстремисттик секталардын ишмердүүлүгүнүн алдын алуу боюнча аналитикалык иштерди алып баруучу адис катары иштей алышат. -

  -ММК жана коомдук уюмда иштеген Коомдук уюмдарда жана массалык-маалымат каражаттарында динге байланышкан маселелерде эксперттик баа жана консультация берүүчү адис катары иштей алышат.
- Илим-изилдөө мекемелеринде, китеп басмаканаларында, массалык маалымат каражаттарында диний тексттерге редактор, котормочу болуп иштей алышат.
- Динге байланыштуу мамлекеттик жана коомдук структураларда (дин комиссиясы, муфтият, казыят ж.б.) иштей алышат.

Сөзгө чыкты Ажимаматов: Бул жерге шарияттын негизинде иш алып барган банктарда жана кредиттик мекемелерде консультант адис катары иштей алышат дегенди кошуп койсок жакшы болот. Ал эми бул маселени жумуш берүүчүлөр менен боло турган өндүрүштүк жыйында да талкуулайлы.

**Ар түрдүү маселелер:**

1. **Угулду:** ар түрдүү маселелер б-ча З. Ажимаматов сөз сүйлөдү:

Сайт боюнча текшерүү болду, бизде бир топ жаңылынбаган, толукталбаган кемчилдиктер бар экен, ошол себептен тиешелүү адамдарга бөлүштүрүп берсем, жооптулар Иматов Бейшеналиге берсеңиздер сайтка киргизип койот:

Эл аралык байланыштар- Абдуганиев Асилбек

Илим боюнча – Арипов Ниязали

Бакалавр/магистратура – Кадыров М. жана Кошубаева С.

Scanned with CamScanner

Жаштар комитет боюнча – Амракулов Мелис

Фото галлерея – Иматов Б. жана Махматурайм уулу Эмил

Факультеттин иш-планы – Керимкулова Асель

Жылдык отчет – Кошубаева Сабина

Бүтүрүчүүлөр ассоциациясы - Махматурайм уулу Эмил

Сабактан тышкары жашоо- Жумабаев М. жана Амракулов Мелис

Кафедра боюнча- Калбердиев А.

Колледж боюнча- Калбердиев А. жана Кошубаева С.

2. 2019-жылдын 26-ноябрь боло турган колледж менен магистратуранын иш берүүчүлөрү менен чогулуштун күн тартиби талкууга алынды.
3. ОшМУнун теология факультетинин билим берүүнү жакшыртуу жана академиялык мобилдүүлүктү негиз алуу менен илимий изилдөөлөргө артыкчылык берүү боюнча НББПларынын 2023-жылга чейинки стратегиялык план талкууга алынды.
4. Кадыров Медербек теология багыты боюнча магистратура бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн мейкини жана объектилери боюнча маалымат берип талкууга салды.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, факультеттин

**Кеңеши токтом кылат:**

1. Факультетке 2020-2021-окуу жылга карата абитуренттерди тартуу боюнча Зууридинов Өкөнбай жоопту болуп эсептелсин. Видеоролик жана брошюралар жаңылынсын.
2. Окуу жылынын башынан бери сабактарга келбеген жана сабактарга начар катышкан студенттер менен тийиштүү кураторлор иш алып барсын.
3. Жетишүүсү төмөн студенттер менен жекече иштөө жагы тиешелүү предметникке жүктөлсүн.
4. Катышуунун жыйынтыгы тайпаларда талкуулансын. Сабактарды көп калтырган студенттер менен кураторлор себебин аныктап иш алпарсын.
5. Факультетин окуу-усулдук Кеңешинин иши мындан ары да жакшыртылсын. Окуу предметтери боюнча силлабустардын, жумушчу программалардын сапаттуу түзүлүү

Scanned with CamScanner

жоопкерчилиги кафедра башчысына, окуу-усулдук кеңештин башчысына жүктөлсүн

6. Ар бир окутуучу тиешелүү предметтердин мазмунун мамлекеттик дин концепциясынын негизинде карап чыксын.
7. Сайттын материалдарын жаңылануусу боюнча тиешелүү тараптарга жоопкерчилик жүктөлсүн.
8. ОшМУнун теология факультетинин билим берүүнү жакшыртуу жана академиялык мобилдүүлүктү негиз алуу менен илимий изилдөөлөргө артыкчылык берүү боюнча НББПларынын 2023-жылга чейинки стратегиялык планы бекитилсин.

**Кеңештин төрагасы** **З. Ажимаматов**

**Кеңештин катчысы** **А.Керимкулова**

Scanned with CamScanner

Тиркеме – 1

ОшМУнун теология факультетинин
Окумуштуулар кеңешинин 2019-жылдын
25-ноябрдын №2-жыйынында
кабыл алынган.

**ОшМУнун теология факультетинин билим берүүнү жакшыртуу жана академиялык мобилдүүлүктү негиз алуу менен илимий изилдөөлөргө артыкчылык берүү боюнча НББПларынын 2023-жылга чейинки (5 жылдык)**

# СТРАТЕГИЯСЫ

**Ош-2019**

Scanned with CamScanner

Тиркеме – 1

**Негизги түшүнүктөр жана терминдер**

**Академиялык мобилдүүлүк:** студенттердин/магистранттардын же окутуучу жана изденүүчүлөрдүн билим алуу үчүн же илимий изилдөө иштерин жүргүзүү (анын ичинде окуу жана өндүрүштүк практикаларды өтөө) үчүн аныкталган бир академиялык мезгилге (семестр же окуу жылы) башка жогорку окуу жайына ( өлкүнүн ичиндеги же чет өлкөдөгү) өздөштүргөн билим берүү программаларын кредиттер түрүндө өзүнүн ЖОЖунда же башка ЖОЖдордо окуусун улантуу үчүн милдеттүү түрдө эсепке алуу менен орун которуу болуп эсептелет.

**ECTS (European Credit Transfer and Accumulating System):** кредиттерди которуунун жана топтоонун европалык системасы.

Scanned with CamScanner

## Киришүү

Ар бир кызыктар тараптын талаптарын эске алып кадр даярдоо, учурдун негизги шарттарынан болуп калды. ОшМУнун теология факультетинин Кыргыз Республикасынын 2019-2024-жылдардагы билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясында, ОшМУнун 2023-жылга чейинки стратегиясы жана сапаттуу билим берүү саясатынын негизинде, болочок теолог кадрларын татыктуу даярдоо максатында 5 жылдык стратегиясы иштелип чыкты.

**ОшМУнун миссиясы:**

- Компетенттүүлүк мамиле менен заманбап билим берүү процессинде сапаттын кепилдигин камсыздоо;
- Билим берүүнүн, илимдин жана маданияттын дүйнөлүк мейкиндигине интеграциялануу;
- Жаштарда адептик, маданий жана илимий баалуулуктарды калыптандыруу;
- Мамлекеттин экономикалык, социалдык, маданий, саясий өнүгүүсүн камсыздоо үчүн өзүнүн интеллектуалдык потенциалын, өндүрүштө жана кесиптик ишмердүүлүктө, жүзөгө ашыра турган жогорку профессионалдык кадрларды даярдоо.

**Теология факультетинин орто кесиптик билим берүү программасынын максаты:**

М-1. Көп улуттуу жана көп конфессионалдуу кыргыз коомчулугунда материалдык жана моралдык баалуулуктарды сыйлаган, мамлекеттин кызыкчылыктарын жогору койгон кесиптик базалык орто билимге ээ личносттторду тарбиялоо.

М-2. Теология багыты боюнча алган билим уланта алган жана тиешелүү тараптардын талаптарына жооп берген орто кесиптик кызмат көрсөтүүчү адистерди даярдоо.

**Теология факультетинин бакалавр программасынын максаты:**

***М-1.*** Студенттерде инсандык сапаттарды өнүктүрүү, теология багыты боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык жалпы маданий жана кесиптик компетенцияларды калыптандыруу .

***М-2.*** Теология багыты боюнча алган билимдерин илимий негизде улантууга, диний маселелерди илимий чечүү жолдорун сунуштай алган жана эксперттик ишмердүүлүккө колдонууга даяр адис болуу менен динге байланыштуу бардык тармактарда тиешелүү тараптардын талаптарына жараша адистерди даярдоо.

**Теология факультетинин магистратура программасынын максаты:**

**М-1.** Кесиптик ишмердүүлүктү ишке ашыруу үчүн теология багыты боюнча тереңдетилген академиялык жогорку билими бар кадрларды даярдоо.

**М-2.** Динге байланыштуу маселелерди илимий негизде изилдеген, анализдеген жана өзүнүн илимий тыянактарын системалуу түрдө сунуштай алган кадрларды даярдоо.

Scanned with CamScanner

Тиркеме – 1

| Стратегиялык максатттар | Милдеттер | Индикаторлор | Жооптуулар | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **I – Окуу процессиндеги, билим берүүдөгү инновациялар** | | | | | | | | |
| **1. Билим берүү программасын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялоо** | **1.1. Эл аралык стандарттарга ылайык билим берүүнүн мазмунун жакшыртуу** | **Жаңыланган окуу план жана программа (коллеж, бакалавр жана магистратура):<br>- Жаңы дисциплиналардын тизмеси;<br>- Дисциплиналардын ОМК-ларындагы өз алдынча иштөөнүн сапатын жана үлүшүн көбөйтүү;<br>- Жаңыланган билим берүү программалары боюнча окутуу** | **Деканат (программа жетекчиси), Кафедра башчысы, профессордук-окутуучулук курам** | + | + | + | + | + |
| **1.2. Эмгек рыногун жана иш берүүчүлөрдүн талаптарын эске алуу менен билим берүү программасынын мазмунун жакшыртуу** | | **- Эмгек рыногунун жана иш берүүчүлөрдүн талаптарын эске алуу менен дисциплиналардын каталогун түзүү;<br>- Зарыл болгон кесиптик компетенцияларды эске алуу менен дисциплиналардын мазмунун түзүү** | **Деканат, кафедра жана мүчөлөрү** | +<br>+ | +<br>+ | +<br>+ | +<br>+ | +<br>+ |
| **1.3. Компетенттүүлүк мамиленин негизинде модулдук окутууну ишке ашыруу** | | **Компетенциялардын иерархиясын түзүү жана анын негизинде программа/дисциплиналарды иштеп чыгуу;<br>- Окуу планды модулдардын жыйындысы катары иштеп чыгуу;** | **Деканат** | +<br>+ | +<br>+ | +<br>+ | +<br>+ | +<br>+ |

Scanned with CamScanner

Тиркеме – 1

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **- Модулдардын негизинде жаңы жумушчу окуу планы боюнча окутуу.** | | + | + | + | + | + |
| **1.4. Кафедранын профессордук окутуучулук курамынын илимий изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын билим берүү программасынын мазмунуна интеграциялоо** | | **Дисциплиналардын мазмунун жаңылоо (ДОМК).** | **Декант, кафедра жана мүчөлөрү** | + | + | + | + | + |
| **1.5. Билим берүү программасын (коллеж, магистр) аккредитациядан өткөрүү** | | **2020- жылы билим берүү программасын аккредитациядан кайрадан өткөрүү** | **Программа жетекчиси, жумушчу топ** | | + | | | |
| **1.6. Электрондук окуу материалдарын иштеп чыгуу жана алардын сапатын жакшыртуу, колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтүү жана санын көбөйтүү** | | **- Электрондук окуулуктарды иштеп чыгуу боюнча семинарларды уюштуруу;<br>- Электрондук окуу материалдардын сапатын жакшыртуу;<br>- Электрондук окуулуктарды окуу процессинде активдүү колдонуу** | **Деканат, кафедра жана мүчөлөрү** | <br><br>+ | +<br>+<br>+ | <br>+<br>+ | +<br>+<br>+ | <br>+<br>+ |
| **2. Студенттердин республикалык жана эл аралык академиялык мобилдүүлүгүн көбөйтүү** | **2.1. Эл аралык стандарттарга ылайык билим берүү боюнча тажрыйба топтоо жана алмашуу** | **Алмашуу программалары боюнча окуу сапарларына студенттерди жыл сайын жөнөтүү жана бул маселедеги пайыздык көрсөткүчтү жогорулатуу** | **Деканат** | | 2% | 2% | 3% | 3% |
| **2.1. Профессордук окутуучулук курамдын тажрыйба алмашуу программаларына катышууларына көмөк көрсөтүү** | | **Алмашуу программалары боюнча профессордук окутуучу курамды сапарларга жөнөтүү жана бул маселедеги** | **Деканат, кафедра** | + | + | + | + | + |

Scanned with CamScanner

Тиркеме – 1

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | көрсөткүчтү жогорулатуу | | | | | | |
| **3. Билим берүүнүн сапатын көтөрүү үчүн жоопкерчилик жана автономия, тандоо эркиндигин берүү** | **3.1. Студенттердин дисциплиналарды жана окутуучуларды тандоолоруна шарт түзүү** | **Студенттердин тандоо эркиндиги калыптандыруу (Окутуучулар иргелет).** | **Деканат, кафедра, проф.-окут. курам** | + | + | + | + | + |
| | **3.2. Ар бир окутуучуга жоопкерчилик жана автономия берүү** | **Автономия аркылуу изденүү эркиндигине жетишүү** | **Деканат, кафедра** | + | + | + | + | + |
| **4. Эмгек рыногунун талаптарына багытталуу (ориентация)** | **4.1. Эмгек рыногуна мониторинг жасоо жана иш берүүчүлөр менен байланыштарды жөнгө салуу** | **Жумуш берүүчүлөр менен тегерек стол, семинарларды уюштуруп өткөрүү; практикалар-дын базасын кеңейтүү** | **6-стандарт-тын жооптуу-су, практика жетекчиси, деканат жана кафедра** | + | + | + | + | + |
| | **4.2. Иш берүүчүлөрдү окутуунун натыйжаларын, окуу пландарды биргелешип иштеп чыгууга, практикалардын ОМКларын биргелешип иштеп чыгуу, квалификациялык иштерди коргоого тартуу** | **Иш берүүчүлөрдү билим берүү программасын ишке ашырууга активдүү тартуу** | **Деканат, кафедра, практика жетекчиси** | + | + | + | + | + |
| **5. Студенттерди билим алуу мезгилинде ишкердикке тартуу** | **Факультеттин алдында мечитте ишмердүүлүккө үйрөтүүнү уюштуруу боюнча сунуштарды** | **Студенттердин өздөрүнө болгон ишенимин күчөтүү** | **Деканат** | + | + | + | + | + |

Scanned with CamScanner

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | иштеп чыгуу | | | | | | | |
| **II – Илим изилдөө ишмердүүлүктү өнүктүрүү** | | | | | | | | |
| Илимий долбоорлор | | | Деканат, кафедра башчысы,илимий изилдөө иштери боюнча жооптуу | + | + | + | + | + |
| Илимий изилдөөлөрдү жана стажировкаларды ишке ашыруу үчүн башка аймактык жана чет элдик ББПлар менен тыгыз кызматташтыкка жетишүү | | | Деканат, кафедра, илимий иштер боюнча жооптуу | | + | + | + | + |
| ИИИнин багыты боюнча квалификациялык иштерди аткаруу | | | Деканат, кафедра, проф.-окутуучулук курам | + | + | + | + | + |
| Импакт-факторлуу Scopus, Web of Science, РИНЦ ж.б. индекстелүүчү системаларда катталган эл аралык басылмаларда жарыкка чыккан илимий макала, эмгектеринин санын көбөйтүү. Алдыңкы эл аралык конференцияларга активдүү катышуу. | | | Илимий иштер жана факультеттин журналы боюнча жооптуулар | + | + | + | + | + |
| **III- Кадрдык потенциялды өнүктүрүү** | | | | | | | | |
| Тажрыйба алмашуу практикасын өнүктүрүү жана позитивдүү педагогикалык, методикалык ыкмаларын өркүндөтүү | Илимий-методикалык конференцияларга катышуу. Аймактык жана чет элдик ББПларды тажрыйба | | Деканат, кафедра, проф.-окут. курам | | + | + | + | + |

Scanned with CamScanner

Тиркеме – 1

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **алмашууга чакыруу** | | | | | | | |
| **Профессордук-окутуучулук курамды илимий ишмердүүлүккө стимулдаштыруу** | | | **Деканат, кафедра проф.-окут. курам** | + | + | + | + | + |
| **Республикалык жана эл аралык деңгээлдеги илимий иш чараларын өткөрүү** | **Республикалык жана эл аралык конференциялар-ды, семинарларды, мастер-класстарды уюштуруп, өткөрүү** | | **Деканат, кафедра** | + | + | + | + | + |
| **V – ББПнын материалдык-техникалык базасын чыңдоо** | | | | | | | | |
| **Материалдык-техникалык базаны чыңдоо жана өнүктүрүү** | **ББПнын материалдык-техникалык базасын чыңдоо** | **Лаборатория-ларды жана атайын кабинеттерди техникалык заманбап каражаттар менен тынымсыз жаңылап туруу** | **Деканат** | + | + | + | + | + |
| | **Китепкананын фондун тынымсыз жаңылоо, көбөйтүү** | **Китептерди, окуу куралдарын, илимий чыгармачыл журналдарды алуу жана басып чыгаруу** | | + | + | + | + | + |

Scanned with CamScanner